## РАЗДЕЛ 7. ЭКОНОМИКА И МЕНЕДЖМЕНТ

**УДК: 63: УД(2)32: УД(2)32- 434: 330. 3: 004: 004. 9**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН БҮГҮҢКҮ ЖАНА ЭРТЕҢКИ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**Акматкулов Бакай Өмүрбекович (0009 – 0005 – 7352 - 1071),**
**Исаков Жайык Жумакматович (0000 – 0002 – 1364 - 7650)**

*К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети, Бишкек шаары, Кыргызстан*

**Аннотация:** *Бул илимий макалада Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинин 2022-жылдын 9 айда аткарылган иштери жөнүндө кеңири мааламат алуу менен, Жогорку Мамлекеттик органдардан келген глобалдуу тапшырмаларды аткаруудагы, перспективдүү пландары жана божомолдуу жетишкендиктери жөнүндө кеңири маалыматтар чагылдырылат.*
*Айыл чарбанын азыркы ахывалын изилдөөнүн негизги максаты болуп, ар бир окурманга, аткарылып жаткан иштердин, жетишкен ийгиликтери кандай жол менен аткарылганды, ал ишке кимдер көмөкчү болгондугу жана акыркы көрсөткүчтөрү кандай натыйжа бергендигин өз ичине камтыйт.*
**Өзөктүү сөздөр:** *Айыл чарбасы, агро өнөр жай комплекси, глобалдаштыруу, логистика, заманбап технологиялар, ургаалдаштыруу, санариптештирүү, пландоо, маркетинг, сатуу, жарнама.*

# СЕГОДНЯШНИЕ И ЗАВТРАШНИЕ ПРОБЛЕМЫ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Акматкулов Бакай Өмүрбекович (0009 – 0005 – 7352 - 1071),**
**Исаков Жайык Жумакматович (0000 – 0002 – 1364 - 7650)**

*Кыргызский национальный аграрный университет имени К. И. Скрябина, г. Бишкек, Кыргызстан*

**Аннотация:** *В данной научной статье представлена подробная информация о работе, проделанной Министерством сельского хозяйства Кыргызской Республики за 9 месяцев 2022 года, а также подробная информация о перспективных планах и ожидаемых достижениях в выполнении глобальных задач, поставленных высшими государственными органами.*
*Основная цель исследования современного состояния сельского хозяйства - предоставить каждому читателю информацию о проводимой работе, о том, как она была достигнута, кто внес свой вклад в работу и каковы были конечные результаты.*
**Ключевые слова:** *Сельское хозяйство, агропромышленный комплекс, глобализация, логистика, современные технологии, интенсификация, цифровизация, планирование, маркетинг, продажи, реклама.*

# TODAY AND TOMORROW PROBLEMS OF AGRICULTURE IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Akmatkulov Bakai Omurbekovich (0009- 0005 -7352 -1071),**
**Isakov Zhaiyk Zhumakmatovich (0000- 0002- 1364- 7650**

*Kyrgyz National Agrarian University named after K. I. Skryabin, Bishkek, Kyrgyzstan*

**Annotation:** *This scientific article provides detailed information about work done by the Ministry of Agriculture of the Kyrgyz Republic for the nine months of 2022, as well as detailed information on long-term plans and expected achievements in the implementation of global tasks set by the highest government agency.*
*The main purpose of the study current state of agriculture is to provide each reader with information about the work being done, how it was achieved, who contributed to the work and what were the final results.*
**Keywords:** *Agriculture, agro-industrial complex, globalization, logistics, modern technologies, intensification, digitalization, planning, marketing, sales, advertising.*

## 1. Киришүү

Быйылкы жазгы талаа жумуштарын өткөрүүгө даярданып жаткан жер ээлеринин, жазга карай кандай даярдыктар менен келгендиги, ошол жер боюнча жоопкерчиликтүү адистерди түйшөлтүп келет.

Ар бир райондогу, Агро өнөр жай комплексинин айыл чарба адистеринин негизги иш чараларынын бири болуп, айыл чарбасына жарактуу жерлерге себилүүчү өсүмдүктөрүнүн аянтын көбөйтүү, жеңилдетилген баада минералдык, органоминералдык жер семирткичтерди ташып келүү, дыйкандарды күйүүчү - майлоочу материалдар менен камсыздоо, соода - логистикалык борборлорду түзүү, ошондой эле айыл чарба техникасынын жана ирригациялык объектилеринин сугат мезгилине даярдоо болуп эсептелет (Б.Турдалиева, 2023).

## 2. Изилдөөнүн материалдары жана методдору

Айыл чарба министрлиги тараптан коюлган ушундай алгылыктуу иш – чараларга, 2023-жылдын жазгы талаа иштерин өз убагында өткөрүү максатында, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түзүмү жана керектүү сандагы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөөндөрүн жыйноо боюнча маалыматтарына таянсак, жалпы республика боюнча буудай жана арпанын жалпы айдоо аянты 490 миң 400 гектарды түзөт экен, анын ичинен 250 миң гектарына буудай жана 240 миң 400 гектарына арпа айдалат экен.

Быйылкы жылга айдап-себүүгө, дан эгиндеринен болжол менен 66450,2 тонна керектелет. Анын ичинен, республиканын үрөөнчүлүк чарбаларында 9173 тонна, чарба жүргүзүүчү субъекттерде 50347 тонна сакталып турат. Бул көрсөткүч жалпы керектөөнүн 89,6% түзөт.

Ал эми кант кызылчасынын айдоо аянты 14 миң 500 гектарды түзсө, үрөөнгө болгон муктаждык 43,5 тонна болуп, камсыздоо 58% түздү. Ошондой эле май өсүмдүктөрүн себилүүчү аянты 16852 га болсо, үрөөнгө болгон муктаждык 1430,6 тонна болуп, камсыздоо 99,5% түзөт.

Мал чарбачылыгына абдан керектүү болгон көп жылдык чөптөрдүн айдоо аянты 31041 га болсо, үрөөнгө болгон муктаждык 1911,3 тонна болуп, камсыздоо дээрлик 50%ти түзөт. Картошканын жалпы себилген аянты 80208 га, үрөөнгө болгон муктаждык 218259,5 тонна, күтүлгөн түшүмдүүлүк 213471 тонна, камсыз кылуу 97,8%ти түзөт.

Ал эми акыркы мезгилде, дыйкандар үчүн бирден-бир киреше булагы болгон төө буурчактын жалпы айдоо аянты 55876 га болсо, үрөөнгө болгон муктаждыгы 4472,3 тонnaны түзүп, камсыздоо 99,8%ти түздү. Асыл-тукум малдарды чыктуу тоют менен камсыздоо үчүн, жүгөрү айдоо аянты 109450 гектарды ээлеп, үрөөнгө болгон муктаждыгы 2659,9 тонна болсо, жалпы камсыз кылуу 88%ти түздү (Айыл чарба министрлиги. Жазгы талаа иштерине даярдык.2023-ж.)

Мына ушундай иш-чараларды өз

убагында жана вегетациялык мезгилин, натыйжалуу пайдаланып калыш үчүн Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги, ар ай сайын, министрликтин жалпы коллегиясын, окуу-семинарларды, бизнес-жолугушууларды жана тажрыйба алмашуучу Эл аралык долбоорлорду уюштуруп турушат. Ошондой эле түзүлгөн иш-аракеттердин бирин мисалга келтире кетели.

Айыл чарба министрлигинин астындагы, Айыл чарбасын механикалаштыруу департаментинин, инновациялык технологиялар жана кооперация башкармалыгы, ушул жылдын февраль айынын башында, «Агро Эксперт Групп» (poliv.kg) компаниясы менен биргеликте «Айыл чарба өсүмдүктөрүн интенсивдүү өстүрүү» темасында семинар өткөрдү.

Бул семинардын негизги максаты болуп – дыйкандарга, айыл чарба кооперативдеринин мүчөлөрүнө, кант кызылчасын өндүрүү, үрөөндүк материал, канттын азыктык мүнөздөмөлөрүн жана жасалма сугаруу шартында өсүмдүктөрдү коргоо жаатындагы заманбап технологияларды көрсөтүү болду.

Бул семинарда, алыскы тоолуу райондордо, жана жаратылыштык климаты катаал чарбаларда, айыл чарба техникасын лизингге берүү, Valley компаниясынан (АКШ) ирригациялык системаларды түзүү, жана адам баласына эң керектүү болгон, кант кызылчасын өндүрүүнүн экономикасы, кант кызылчасын азыктандыруу системасы, кантты өндүрүү боюнча кеңири маалыматтар берилди.

Ачык семинардын жыйынтыгында, катышуучулар акыркы жылдары Кыргызстанда кант кызылчасын кайра жандандыруу боюнча бир топ иштер аткарылып жаткандыгына күбө болушту. 2016-жылдан бери Кыргызстандын кант кызылчасын өндүрүүчүлөр өз талааларында жыл сайын 450 миң тоннадан 780 миң тоннага чейин кант кызылчасын өстүрүп келишкен. Чүй областынын кээ бир райондорунда ушундай жакшы жетишкендиктер орун алган. Түшүмдүн мындай көлөмү «Кайыңды-Кант» ачык акционердик коому жана «Кошой» ачык акционердик коомдорунун заводдорунда 55-100 миң тонна кызылча кантын өндүрүүгө мүмкүндүк берип келет (Айыл чарба министрлиги. 2023-ж.).

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин кезектеги 2022-жылдын февраль айындагы коллегиясында коюлган планда, Кыргыз Республикасынын агро-өнөр жай комплексин өнүктүрүүнүн, 20дан ашык негизги артыкчылыктуу багыттары каралып, анын ичинде, иш-аракеттердин ченемдик-укуктук жана стратегиялык мүнөздөгү маселелери, мамлекеттик колдоо, макроэкономика, өсүмдүк өстүрүүчүлүк, мал чарбачылыгы, тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайы, азык-түлүк коопсуздугу, айыл чарба продукциясын экспорттоо жана импорттоо, алдыңкы прогрессивдүү, инновациялык технологияларды киргизүү тапшырмалары берилген (Айыл чарба министрлиги. 2022-ж.).

## 3. Изилдөөнүн натыйжалары

Изилдөөнүн жыйынтыгында, тактап айтып кетүүчү нерсе, дыйкандар үчүн, ирригация жана мелиорация, жерге жайгаштыруу, токой чарбачылыгы, жер-суу көзөмөлү, ветеринария, механикалаштыруу, өсүмдүктөрдү экспертизалоо, органикалык айыл чарбасы, химиялаштыруу, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин, санариптештирүү тармактарында мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү каралган.

2022-жылдын январь-октябрь айларында республика боюнча жалпысынан учурдагы баалар боюнча 303 483,2 миллион сомдук айыл чарба продукциясынын дүң продукциясы өндүрүлгөн. Физикалык көлөмдүн индекси (ФВИ) 106,7%ти, анын ичинде мал чарбасы 102,8%ти (135186,3 млн. сом), өсүмдүк өстүрүүчүлүктө 109,7% ти (161569,1 млн. сом) түздү.


Ушул №1 таблицанын жыйынтыгы көрсөткөндөй, 2022-жылдын январь-

**Таблица 1.** 2022-жылдын январь-октябрь айлары үчүн айыл чарба дүң продукциясынын көлөмү (учурдагы баа менен)

| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | | **физикалык көлөмдүн индекси (%)** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Сумма млн. сом.** | **Сумма млн. сом.** | **+, -** | **2021 ж. %** | **2022 ж. %** | **+, -** |
| **Республика боюнча:** | **287948,6** | **303483,2** | **15534,6** | **95,6** | **106,7** | **11,1** |
| анын ичинен: мал чарбачылыгы, | 117885,9 | 135186,3 | 17300,4 | 101,8 | 102,8 | 1,0 |
| өсүмдүк өстүрүүчүлүк, | 164398,1 | 161569,1 | -2829,0 | 90,4 | 109,7 | 19,3 |
| кызмат көрсөтүү, | 4898,0 | 5957,8 | 1059,8 | 100 | 100 | - |
| аң уулоо жана токой чарбасы, | 317,9 | 283,9 | -34,0 | 100 | 100 | - |
| балык өстүрүү, | 448,7 | 486,1 | 37,4 | 100 | 100 | - |
| ***областтар боюнча***: | | | | | | |
| Баткен | 19253,30 | 21008,9 | 1755,6 | 93,5 | 103,7 | 10,2 |
| Жалал-Абад | 62603,70 | 61549,8 | -1053,9 | 100,8 | 102,9 | 2,1 |
| Ысык-Көл | 41646,40 | 36644,4 | -5002,0 | 97,6 | 107,1 | 9,5 |
| Нарын | 17717,20 | 20215,2 | 2498,0 | 101,2 | 102,9 | 1,7 |
| Ош | 55154,80 | 61497,7 | 6342,9 | 101,0 | 102,7 | 1,7 |
| Талас | 26583,90 | 24797,9 | -1786,0 | 92,6 | 101,4 | 8,8 |
| Чүй | 63133,50 | 75547,4 | 12413,9 | 87,3 | 116,6 | 29,3 |
| Бишкек шаары | 520,60 | 643,2 | 122,6 | 99,2 | 99,3 | 0,1 |
| Ош шаары | 1335,2 | 1578,7 | 243,5 | 103,2 | 93,2 | -10,0 |

***Булак:** (Айыл чарба министрлигинин 9 айлык отчет).*

**График 1.** Айыл чарба дүң азыктарынын көлөмү (сом менен)




***Булак:** (Айыл чарба министрлигинин 9 айлык отчету).*

Бул №1 графикте, айыл чарбасынын дүң азыктарынан алынган негизги беш чечкиндүү тармактары боюнча чагылдырылып берилди.

октябрь айлары үчүн, айыл чарба дүң продукциясынын көлөмү жана Кыргыз Республикасынын аймактары боюнча өсүү темптеринин жогорулашы байкалууда.

Алардын ичинен аймактар боюнча карап көрсөк:

Баткен аймагында – 21008,9 млн сом, өсүү темпи – 103,7%, Жалал-Абадда – 61549,8 млн сом, же өсүү темпи – 102,9%, ал эми Ысык-Көлдө – 36644,4 млн сом, өсүү темпи – 107,1%, бийик тоолуу Нарын аймагында – 20215,2 млн.сомго, ал эми өсүү темпи 102 % түзгөн, Ошто – 61497,7 млн сом, өсүү темпи – 102,7%, Таласта – 24797,9 млн сом, өсүү темпи – 101,4%, Чүйдө – 75547,4 млн сом, өсүү темпи – 116,6%, Бишкек шаарында болсо – 643,2 млн сом, өсүү темпи – 99,3%, Ош шаары боюнча – 1578,7 млн сомду түзүп, өсүү темпи – 93,2% болгон (Айыл чарба министрлиги 2022-ж.).

Бул экономикалык көрүнүштөрдү, жалпы Республика боюнча айыл чарба дүң продукциясынын көлөмүнүн стабилдүү өсүп келе жаткандыгын айгинелейт. Анткени туура багытталган План аркылуу иш жүргүзүлсө, ар бир иш-аракет өз жыйынтыктарын берет десек жаңылышпайбыз.

## 4. Талкуулоо

Демек, айыл чарба министрлигинин алдыга коюлган бул пландын жалпы аткарылышы, 24-негизги тапшырмадан жана 149 тезинен аткарылуучу иш-чарадан турат, эгерде максаттар ишке ашса, алар белгилүү индикативдик көрсөткүчтөргө жана натыйжаларга ээ.

Бул келечектин планын ишке ашырууга Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин ички 27 түзүмдүк бөлүмдөрү, анын ичинде Борбордук аппараттын 14 түзүмдүк бөлүмдөрү, 13 ведомстволук уюмдары тартылган. Мындан тышкары, планды ишке ашырууга Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети жана айыл чарба ишканаларын ишке ашыруу башкармалыгы катышууда.

Жалпы планда, ошондой эле ирригация жана мелиорация, жерге жайгаштыруу, токой чарбачылыгы, жер-суу көзөмөлү, ветеринария, механикалаштыруу, өсүмдүктөрдү экспертизалоо, органикалык айыл чарбасы, химиялаштыруу, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин, санариптештирүү тармактарында мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү каралган.

Андан тышкаары, чет мамлекеттик мекемелер менен тыгыз алака түзүү аркылуу 2022-жылдын аягында Евразия экономикалык биримдигинин бирдиктүү реестрине, Республика боюнча 282 ишкана киргизилген. Бул жетишкендик 2021-жылга салыштырмалуу 77 ишканага көп. Евразия экономикалык биримдигинин бирдиктүү (ЕАЭБ) реестринде төмөнкүлөр катталган:

- сүт азыктарын өндүрүүчү - 37,
- бал өндүрүү жана сатуучу – 56;
- балык өстүрүү, кайра иштетүүчү – 35;
- эт азыктарын өндүрүүчү – 21;
- улуттук сүт азыктарын өндүрүүчү - 6;
- касапканалар — 10;
- тирүү жаныбарларды көбөйтүү жана сатуучу – 27;
- канаттууларды кайра иштетүүчү ишканалар -5;
- малга тоют даярдоочу — 15;
- мал чарба продукциясын сактоо жана сатуучу – 47;
- малдын чийки затын кайра иштетүү (ичеги, жүн, тери) - 15;
- ветеринардык препараттарды сактоо жана сатуучу -1.

Мына ушундай Эл аралык стандартка жооп бере турган, жогорку сапаттагы азыктарды кайра иштетүү, сактоо жана кардарларга чейин жеткизип берүүгө багытталган, айыл чарба министрлигинин жетекчилеринин бирден- бир максаты бул, ар бир дубандык аймактарда логистикалык борборлорду куруу болуп эсептелет (Айыл чарба министрлиги ЕАЭБ өлкөлөрүнүн экспорттоочу ишканаларынын реестри 2022-ж.).

**5. Корутунду**

Жетишилген ийгиликтер менен катар, планда каралган милдеттерди жана иш-чараларды талаптагыдай аткаруу төмөнкүлөргө алып келет:

- Кыргыз Республикасынын экономикасынын агро өнөр жай чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү;

-айылчарбасынынайрымтармактарын андан ары өнүктүрүүнүн стратегиялык документтерин өркүндөтүү, айыл чарба продукциясын өндүрүүнү көбөйтүү боюнча иш-чараларды уюштуруу аркылуу, айыл чарбасынын дүң продукциясын, тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр - жайын камсыз кылуу аркылуу агроөнөр жай комплексин мамлекеттик колдоо процесстерин жөнгө салуу;

- айыл чарба өсүмдүктөрү, мал чарбасы, тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайларын Эл аралык денгээлге жеткирүү;

- негизги, социалдык маанилүү, тамак-аш азыктары боюнча азык-түлүк коопсуздугун ички өндүрүштүн (сүт, картошка, жашылчалар) жана импорттун (дан, эт, кант, өсүмдүк майы, мөмө-жемиштер, жумуртка) эсебинен камсыз кылуу;

- айыл чарба продукциясын сертификациялоонун жана логистикасынын инфраструктурасын талаптагыдай уюштуруунун, айыл чарба өндүрүшүнө алдыңкы прогрессивдүү инновациялык технологияларды киргизүүнүн эсебинен экспортту көбөйтүү.

Ошондой эле, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө боюнча чараларды туура уюштуруу да, айыл чарба өндүрүшүнүн көрсөткүчтөрүнүн жогорулашына жана анын мындан аркы иш-аракеттеринин натыйжалуулугуна алып келет.

**6. Шилтемелер**

1. Б.Турдалиева “Жаздын бир күнү жылды аныктайт. //Эркин-Тоо №12 17.02. 2023.

2. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба минстрлигинин сайты. Айыл чарба министрлигинин 2022-жылга кабыл алынган иш планы.

3. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба минстрлигинин сайты. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча ЕАЭБ өлкөлөрүнүн экспорттоочу ишканаларынын реестри жөнүндө маалымат. 13.02.2022- жыл.

4. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба минстрлигинин сайты. 2023-жылдын жазгы талаа иштерине даярдык. 17.02.2023-жыл.

5. URL: agro.gov.kg https://agro.gov.kg